**Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медицина факультетинин**

**Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасы**

**Инл-17-18-19-20-24-тайпасынын куратордук жыйынынын**

**№1 протоколу**

2024-жылдын 27-октябры

Катышкандар: - 32 (№1 тиркеме)
Келбегендер: жок
***Өткөрүлгөн жайы: 211-каанасы***

Күн тартиби:

1. Тайпа менен таанышуу. Студенттердин даректерин тактоо
2. Кыргыз Республикасынын символдору (герб,туу, гимн) жөнүндө маалымат берүү
3. Тайпанын активдерин шайлоо
4. Кеп маданияты жөнүндө маалымат берүү

**1.Угулду**:

Инл-17-18-19-20 тайпасынын куратору Иманкулова Т. сөзгө чыгып, тайпа менен таанышып, ар бир студенттин ордун, мүмүкүнчүлүгүн, укугун жана милдеттерин белгиледи. Студенттер тарабынан толуктоолор жана суроо-жооптор орун алды. Куратор Кыргыз Республикасынын символдору герб, туу, гимн жөнүндө кенен маалымат берип, университет жана факультеттер жөнүндө кенен маалыматтарды көрсөттү. Факультеттеги жалпы кафедралар жөнүндө да учкай сөздөр айтылды. Ошондой эле тайпанын активдерин ар бир студенттин өзүнүн шыгына карап группа сунуштады, тайпа башчысын өз ордуна калтырышты, тазалык иштери Chaudhary Karan, спорт боюнча Gehlot Ronak, Chaudhary Karan жана башка студенттер бир добуштан шайланышты.

**Сөзгө чыкты**

Инл-5-6-24 -тайпасынын студенттери Chaudhary Karan, Gehlot Ronak, Chaudhary Karan жогоруда сунушталган студенттердин тизмеси туура экендигин, алардын активдүү иш алып барарына ишеним көрсөтүп, бир добуштан колдоорун билдиришти.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып жана студенттердин ой-пикир сунуштарын эске алуу менен тайпанын кезектеги жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

1.Инл-5-6-24 -тайпасынын А-группасынын тайпа башчысы Soni Sujal Б-группанын тайпа Durga Mahesh башчысы өз кызматында калышсын.

Жыйындын төрагасы: Иманкулова Т.Ж.

Катчысы: Mandru Blessing Ton

**ЭАМФтин GM1-1-2 тайпаларында 2024-жылдын 31-октябрында**

**Отулгон №2 куратордук сааттын**

**ПРОТОКОЛУ**

Куратор: СГД кафедрасынын окутуучу Акбар кызы Эркайым

Катышуучулар: GM1-1-2 тайпаларынын студенттери ( 31 студент)

Катышпады: 1 студент

Каралуучу маселелелер:

1. Студенттердин даректерин тактоо.
2. «Адеп – адамдын көркү» темасында талкуу
3. «Жеке өздүк гигиена деген эмне?» түшүндүрүү ишин жүргүзүү
4. Малярия, энцефалит жөнүндө түшүнүк берүү

**Угулду:**

Биринчи маселе боюнча куратор Акбар кызы Эркайым оз созундо 21-22 тайпаларындагы студенттердин жатаканаларда жайгашкандыгын тактоо максатында тайпанын староcталарына маалымат алуу учун соз берди. 13 тайпасынын старостасы Матиалагу Саси жана 14 тайпасынын старостасы Муруган Винит алардын жатаканада жайгашып алышкандыгын жана жатаканада толук шарттар тузулгондугун айтышты. Сөз кезегинде Акбар кызы Эркайым студенттерге жатаканада жашоо эрежелерин, белгилүү бир сааттан кийин тынчтыкты сактоого, өрт коопсуздугунун эрежелери (милдеттүү!), мамлекеттин мүлкуно этият мамиле жасоосуна, алар учун үчүн жоопкерчиликтуу болууга, коомдук жайларда жүрүм-турум эрежелерин сактоого чакырды. Конфликтуу ситуациялардан алыс болууну эскертти.

Экинчи маселе боюнча Акбар кызы Эркайым студенттердин жатаканада, окуу жайда жана коомдук жайларда оун алып журуу маселесине токтолду. Ал өз сөзүндө студенттер осуп чонойгон олкосундогу айрым корунуштор Кыргызстанда жат корунуш катары кабыл алынышы мумкундугу жана жергиликтуу элдин маданияты тууралуу айтты жана студенттерди жатаканада эрежелерди сактоого, окуу жайда озун адептуу алып журууго, тегерегиндеги адамдарды сыйлоого, аларга сылык мамиле жасоого, окутуучуларга жол берууго, коомдук транспортто катуу суйлобоого, соз талашпоого чакырды жана ар кандай маселелер боюнча кураторго кайрылууга боло тургандыгын айтып отту. Кошумча катары мобилдик телефондуу пайдалануу этикасы тууралуу да кыскача айтты.

Акбар кызы Эркайым учунчу маселе Жеке өздүк гигиена деген эмне? боюнча томондогу кенештерди берди: Индия олкосунун жана Кыргызстандын климаттык

шарттары турдуучо болгондуктан, студенттердин кийген кийимдери да жергиликтуу шартка жараша болушу зарыл деп белгиледи. Медициналык окуу жайдын жалпы талабы боюнча ар бир студент сабакта медициналык ак халатчан отурууга тийиш жана халат таза, утуктолгон болушу зарыл. Мындан сырткары ар бир студент оздук гигиенаны (кийимдери таза, чачтары тыкан, тиштери жуулган, жагымсыз жытсыз) сактоосу керек, анткени тегерегиндеги адамдарга жагымсыз корунуш болтурбоосу керек экендигин түшүндүрдү.

Тортунчу маселе боюнча студенттерге Малярия, энцефалит жөнундө түшүнүк берүү максатында видео материал корсотулду. Анткени ар бир студент жылда ден соолугунун чындыгы тууралуу текшеруудон отот жана алдын ала бул ооруулар боюнча маалыматка ээ болуу учун кыскача талкуу болду. Студенттер да оз билген маалыматтары менен болушушту.

Куратордук сааттын жыйынтыгында томонкудой токтом кабыл алынды:

1. Студенттердин жашаган даректерин тактоо жана коомолдоо кураторго жуктолсун;
2. Студенттерге бардык жерлерду озун озу тартиптуу алып журуу милдеттендирилсин;
3. Одук гигиенаны сактоо ар бир студентке милдеттерилсин;
4. Малярия, энцефалит тууралуу берилген маалымат эске алынсын.

Куратор: Акбар кызы Эркайым

Катчы: Муруган Винит

Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медицина факультетинин
Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасы
GM1-21-22- тайпаларынын кураторлук жыйынынын
№3 протоколу

2024-жылдын 1-ноябры

Катышкандар: - 48 (№1 тиркеме)

Келбегендер: - 0

*Өткөрүлгөн жайы: 203-каана*

Күн тартиби:

1. Кыргызстан жана кыргыз элинин маданияты жөнүндө жалпы түшүнүк берүү. (Видео көргөзмөлөрдү колдонуу)

Угулду:

Тайпанын куратору Акбар кызы Эркайым өз сөзүндө Кыргызстан – Борбордук Азиянын эң кооз жерлеринин бири, анын территориясынын көпчүлүк бөлүгүн тоолор ээлейт, ал климаттын ар түрдүү, жаратылыш ландшафттардын, жаныбарлар жана өсүүчү дүйнөнүн болушуна шарт түзөөрүн маалымдады. Ошондой эле көрсөтүлгөн сүрөттөн студенттер ак карлуу тоого, күн нуруна бөлөнгөн Тянь-Шандын карлуу келбетине күбө боло алаарын, шаркыратмаларга жана ташкындап агып жаткан дарыяларга, көлдөргө куйган тунук таза суугa толгон жапайы жаратылышы өзүнүн сулуулугу менен тан калтыраарын айтып өттү. Андан соң окутуучу тарабынан видео жана сүрөттөр көрсөтүлдү https://worldtaekwondo.kg/ky/about-kyrgyzstan/ . *Кыргыз элинин* тарыхы, *маданияты* – ата-бабадан калган улуу мурастары жөнүндө түрдүү маалыматтарды белгилеп өттү.Ошондой эле жогоруда тема боюнча студенттердин ой-пикирин угууну сунуштады.

Сөзгө чыкты:

GM1-21-22 тайпаларынын студенттери (группанын старосталары) Кыргызстан жөнүндө жасап келген видео көрсөтүүлөрүн презентация кылып көрсөтүп беришти.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып жана студенттердин ой-пикир, сунуштарын эске алуу менен тайпанын кезектеги жыйыны төмөнкүдөй

токтом кылат:

1. Кыргызстан тууралуу 4 топтон турган тайпа менен биригип презентация даярдалсын.

Жыйындын төрайымы: Акбар к. Э.
Катчысы: Atiqur Rahman

Ош мамлекеттик университети

Эл аралык медицина факультети

Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасы

33-GMI-тайпасынын кураторлук жыйынынын №4 протоколу

2024-жылдын 22-ноябры

Катышкандар: - 25-26 GM I (№1 тиркеме)

Төрайымы: Салиева Д.А.

Катчысы: Waseem Akthar

Келбегендер: - жок

Өткөрүүчү жер: 202

Күн тартибинде: «Студенттик күнү» майрамын белгилөө

Угулду: Куратор студенттердин достук мамилесин чыңдоо, чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү, позитивдүү маанай тартуулоо максатында студенттерди «Студенттик күнү» менен куттуктап, бул күн бүткүл дүйнө боюнча жаштардын билимге умтулуусун, активдүүлүгүн жана чыгармачылыгын даңазалаган майрам экенин белгиледи. «Студенттик күн» майрамынын маанисин белгилөө

студенттерге салам айтып, коомдун өнүгүшү ар бир адамдын ички тазалыгынан башталарын белгиледи. “Таза адам – таза коомду жаратат. Билимдин таза болушу – адилеттүү коомдун негизи” деп баса белгиледи.

Майрамдык программада:

Студенттер менен биргеликте ырлар аткарылды.

Улуттук жана заманбап бийлер көрсөтүлдү.

Топ ичиндеги таланттуу студенттер өз өнөрлөрүн тартуулашты.

Достук жана биримдик темасында чакан оюн-зооктор уюштурулду.

Студенттер активдүү катышып, жакшы маанай түзүлдү. Студенттер майрамдык иш-чара абдан жагымдуу өткөнүн, биримдикти бекемдегенин жана чыгармачылыкка шыктантканын айтышты.

Куратор студенттердин ынтымагына жана активдүүлүгүнө ыраазычылык билдирип, студенттик жашоо—энергияга, шыктуулукка жана достукка толгон мезгил экенин белгиледи.

Чечими: Жогорудагы тайпанын жыйыны төмөнкүдөй чечим кылат:

Мындай майрамдык жолугушууларды жыл сайын өткөрүү.

Студенттердин чыгармачылык клубдарынын ишмердүүлүгүн жандандыруу.

Жыйындын төрайымы: Салиева Д.А.

Катчысы: Waseem Akthar

**Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медицина факультетинин 1-курсунун GM-15-16 тайпаларынын жыйналышынын №5-протоколу**

01.12.2024
Ош шаары
Төрайым – Дуйшоева Б.
Катчы – Даниш Мухаммад
Катышкандар: 32 студент

**Күн тартиби:**

1. "1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнү"
2. Ар түрдүү маселелер.

1. **Угулду:**
GM-15-16-тайпаларынын куратору Дуйшоева Б.сөзгө чыгып, өз сөзүндө СПИДге каршы күрөшүү, студенттерге жугуштуу илдеттин инфекциясынын түшүнүгү, жугуу жолдору, оорунун этаптары, ВИЧ-инфекциясын дарылоо жана алдын алуу жөнүндө айтып берди.

**Сөзгө чыкты**:
GM-15-тайпасынын студенти Атиф жогоруда аталган тема боюнча доклад жасады жана тайпанын студенттери тема боюнча өз ойлорун айтып, тайпаларда кеңири талкуу жаралды.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып жана студенттердин ой-пикир, сунуштарын эске алуу менен тайпалардын кезектеги жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

1. GM-15-16тайпасынын студенти Атифдин доклады эске алынсын.
2. Ар бир студент аталган тема боюнча кошумча маалыматтарды окуп чыгуу милдеттендирилсин.

**Жыйындын төрайымы:**. Дуйшоева Б.
**Катчысы:** Даниш Мухаммад

**Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медицина факультетинин 1-курсунун GM1-15-16 тайпаларынын жыйналышынын №6-протоколу**

08.12.2024
Ош шаары
Төрайым – Дуйшоева Б.
Катчы – Даниш Мухаммад
Катышкандар: 32 студент

**Күн тартиби:**
1. 12-декабрь Ч. Айтматовдун туулган күнүнө карата «Сен Ч.Айтматовдун чыгармаларын окудуң беле?» талкуу.
2.Улуу жазуучу Ч. Айтматовдүн өмүр таржымалы менен таанышуу.

**Угулду:** GM1-15-16-тайпаларынын куратору Дуйшоева Б. сөзгө чыгып, өз сөзүндө « Чыңгыз Айтматовдун мурасын даңазалоо жана аны эл аралык деңгээлде таанытуу багытындагы маанилүү маселени карап жатабыз. Ч. Айтматов — кыргыз элинин гана эмес, бүткүл дүйнө адабиятынын улуу өкүлү. Анын чыгармалары адамзаттык баалуулуктарды, руханий тереңдикти жана улуттук өзгөчөлүктү чагылдырган баа жеткис мурас болуп саналарын айттып отту. 12-декабрь Ч. Айтматовдун туулган күнүнө карата «Сен Ч.Айтматовдун чыгармаларын окудуң беле?» деген теманын алкагында талкуу болду.

**токтом кылат:**

Ч. Айтматовдун өмүр таржымалын жана англис тилине которулган чыгармаларын окуп чыгуу.
https://www.oshsu.kg/news/new/?lg=2&id_parent=4774&id2=15328

**Жыйындын төрайымы:** Дуйшоева Б.
**Катчысы:** Даниш Мухаммад

**Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медицина факультетинин 1-курсунун GM-15-16 тайпаларынын жыйналышынын №7-протоколу**

15.12.2024
Ош шаары
Төрайым – Дуйшоева Б.
Катчы – Даниш Мухаммад
Катышкандар: 32 студент

**Күн тартиби:**
1. Университет жана факультеттин миссиясы менен тааныштыруу.
**Угулду:** GM-15-16-тайпаларынын куратору Дуйшоева Б.сөзгө чыгып, өз сөзүндө миссияны таныштырды.
Ош мамлекеттик университетинин миссиясы — улуттук жана эл аралык деңгээлде атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо, илим-билимди, инновацияны жана изилдөө иштерин өнүктүрүү аркылуу коомдун туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуу. Университет билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, академиялык эркиндикти камсыз кылууга, санариптик трансформацияны илгерилетүүгө жана студенттердин интеллектуалдык, кесиптик жана жарандык потенциалын толук ачууга багытталат. ОшМУ улуттук баалуулуктарды сактоо менен глобалдык билим берүү мейкиндигине интеграцияланууну негизги артыкчылык катары карайт.
**Сөзгө чыгышты**: GM-15 тайпасынын студенттери Кешвар жана Мухаммад күн тартибиндеги маселе боюнча өз ойлорун билдирип, университеттин миссиясынын аткарылышында студенттердин да салымы чоң экендигин белгилеп өттү.

**токтом кылат:**
1. ОшМУнун миссиясын өздөштүрүү тайпанын ар бир студентине милдеттендирилсин.

**Жыйындын төрайымы:** Дуйшоева Б.
**Катчысы:** Даниш Мухаммад

**Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медицина факультетинин**
**1-курсунун GM-15-16 тайпаларынын жыйналышынын**
**№8-протоколу**

22.12.204
Ош шаары
Төрайым – Дуйшоева Б.
Катчы – Даниш Мухаммад
Катышкандар: 32студент

**Күн тартиби:**

1. Жеке өздүк гигиена деген эмне?

**Угулду:** GM-15-16-тайпаларынын куратору Дуйшоева Б.сөзгө чыгып, өз сөзүндө**:** Жеке гигиенага колду өз убагында жуу, тишти тазалоо, денени таза кармоо, кийим-кечени жана жеке колдонулган буюмдарды таза сактоо кирет. Бул эрежелерди сактоо адамдын ден соолугуна гана эмес, анын айлана-чөйрө менен болгон мамилесине, өзүнө болгон ишенимине жана коомдогу маданиятына да түздөн-түз таасир этээрин айтты. Айрыкча студенттик жаш куракта жеке гигиенаны сактоо — сергек жашоонун, ийгиликтүү окуунун жана жоопкерчиликтүү инсан болуп калыптануунун маанилүү шарты болуп саналат. Ошондуктан ар бириңиздерди жеке гигиенанын талаптарын так сактоого жана аны күнүмдүк адатка айлантууга чакырам.

**Сөзгө чыгышты**: GM1-16 тайпасынын студенттери Кешвар жана Мухаммад күн тартибиндеги маселе боюнча өз ойлорун билдирди.

**токтом кылат:**

1. Студенттер жеке өздүк гигиенанын эрежелерин сактоо боюнча ич-ара түшүндүрүү иштери улантылсын.

**Жыйындын төрайымы:** Дуйшоева Б.
**Катчысы :** Даниш Мухаммад

**Ош мамлекеттик университетинин**

**Эл аралык медицина факультетинин**

**Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасы**

**Инл-3-4 тайпасынын кураторлук жыйынынын №9 протоколу**

2025-жылдын 12-январы

Катышкандар: - 31(№1 тиркеме)
Келбегендер: - 0

***Өткөрүлгөн жайы: 206-каана***

1.Жугуштуу оорулар

**1. Угулду:**

Тайпанын куратору Маматова А. Б. өз сөзүндө жалпы жугуштуу оорулар боюнча маалымат берип өттү. Оору козгогуч микроорганизмдер (вирус, бактерия, мите козу карындар) пайда кылып, соо кишиге оорулуудан жана бактерия алып жүрүүчүлөрдөн жугуучу оорулар. Жугуштуу оорулардын пайда болуу себептерин, өнүгүү механизмин,
белгилерин изилдөөчү жана аларды диагноздоо, дарылоо, алдын алуу ыкмаларын иштеп чыгуучу медициналык дисциплина. Ал бактериология, вирусология, иммунология, эпидемиология жана башка менен тыгыз байланыштуу. Оору козгогуч айлана-чөйрөдө
түрдүү жолдор менен тарайт.

- аба аркылуу таралуучу жана ошондой (грипп, кызылча, ифтерия жана башка) адам жөтөлгөндө,
- чүчкүргөндө;
- тери жугуштуу оорулары (мите козу карын) оорулуу менен тыгыз байланышта болгондо
- баш келте, кайталанма келте, кене жана чиркей энцефалити кан соргуч курт- кумурскалар (бит, чиркей, машаа) аркылуу таралаарын маалымдоо менен студенттердин ой-пикирин айтуусун сунуштады. (2-тиркеме)

**Сөзгө чыкты**:

Студенттер Илияз, Нинанд жогорудагы айтылган маалыматтарды ырастоо менен өздөрү даярдап келген материалдарды презентациялашты.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып жана студенттердин ой-пикир, сунуштарын эске алуу менен тайпанын кезектеги жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

1. Жугуштуу оорулар деген темада даярдалган презентациялар канааттандырарлык деп эсептелсин

Жыйындын төрайымы: Маматова А. Б.

Катчысы: Илияз

**Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медицина факультетинин**

**GM 3-4- тайпасынын куратордук жыйынынын №10 протоколу**

2025-жылдын 22-февралы

Төрайымы: Маматова А. Б.

Катчысы: Илияз

Катышкандар: - 30 (№2 тиркеме)

Келбегендер: - 4

Күн тартибинде: Студенттердин сабактарга катышуусун жана жетишүүсүн көзөмөлдөө.

**Угулду:** 3- 4 -тайпасынын куратору Маматова А. Б.сөзгө чыгып, өз сөзүндө студенттердин сабакка катышуусу, өз убагында тапшырмаларды аткаруусу жана жалпы академиялык жетишүүсү боюнча мониторинг жүргүзүү жөнүндө маалымдады жана жогорудагы маселе боюнча студенттердин ой-пикирин айтуусун сунуштады.

**Сөзгө чыкты:** 3-4-тайпасынын студенттери Sanjumurugaraj, Hana Rasha ж.б сабакка катышуу, жетишүү жакшы болуп жаткандыгын бирок кээ бир студенттер Кыргызстандын аба ырайына көнө албай ооруп калып жаткандыгын баса белгилешти.

**Сөзгө чыкты:** 3-4-тайпасынын студенттери Subisha, Jenifer ж..б. сабактарга өз убагында катышуу менен биргеликте сабактарда активдүү болуп жакшы бааларга ээ болгондорун да айтып өтүштү.

**Сөзгө чыкты:** Тайпанын куратору окутуучу Маматова А .сөзгө чыгып, өз сөзүндө төмөнкү маселелерди тайпанын башчылары менен биргеликте көзөмөлгө алуу сунушун киргиздию

1. Ар бир жумада тайпанын жалпы катышуу статистикасын чыгаруу.

2. Сабакка себепсиз келбей калган студенттер боюнча маалымат алуу.

3. Жетишпей жаткан студенттер менен өзүнчө иш алып баруу.

Жогорудагы маселени карап чыгып тайпанын жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

1. Студенттердин сабактарга катышуу жана жетишүүсүн көзөмөлдөө тайпа башчысына жана кураторго жүктөлсүн.

Жыйындын төрайымы: Маматова А. Б.

Катчысы: Илияз

**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин Инл-9-24, Инл-10-24 Тайпаларынын куратордук жыйынынын № 11 протоколу**

2025-жылдын 4-февралы
Ош шаары, ЭМФ 2, 207-каана
Төрайым – Исаева М.А.
Катчы – Рамеш Свати
Катышкандар: 32
Келбегени: -

## КҮН ТАРТИБИНДЕ:

1. Сергек жашоо мүнөзү.

**УГУЛДУ:**

Тайпанын куратору М.Исаева күн тартибинде каралуучу маселе менен тааныштырып өттү. Ал өз сөзүндө сергек жашоо – бул ден соолукту сактоо жана жакшыртуу үчүн туура адаттарды карманган жашоо образы экенин, башкача айтканда, бул дене жана акыл-эс тең салмакта болгон жашоо деп маалымдады жана бул боюнча студенттердин ой-пикирин айтуусун сунуштады.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

Студенттер Нирай Арул, Канан Хемалата жогорудагы айтылган маалыматтарды ырастоо менен өздөрү даярдап келген материалдарды презентациялашты.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып жана студенттердин ой-пикир, сунуштарын эске алуу менен тайпанын кезектеги жыйыны төмөнкүдөй

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сергек жашоо мүнөзү деген тема талкууланды деп эсептелсин жана даярдалган презентациялар канааттандырарлык деп белгиленсин.

Жыйындын төрайымы: Исаева М.А.
Катчы: Рамеш Свати

**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин ИНл-9-24,
ИНл-10-24тайпаларынын куратордук жыйынынын № 12 протоколу**

2025-жылдын 11-февралы
Ош шаары, ЭМФ 2, 207-каана
Төрайым – Исаева М.А.
Катчы – Рамеш Свати
Катышкандар: 32
Келбегени: -

## КҮН ТАРТИБИНДЕ:

1. Иммунитетти кантип бекемдейбиз? Сасык тумоодон кантип сактануу керек?

**УГУЛДУ:**

Тайпанын куратору М.Исаева күн тартибинде каралуучу маселе менен тааныштырып өттү. Ал өз сөзүндө иммунитет – бул организмдин ооруларга, айрыкча сасык тумоого каршы коргонуу күчү. Иммунитетти бекемдөөнүн жолдору. Иммунитет күчтүү болсо, сасык тумоо жеңил өтөт же такыр болбойт деп маалымдады жана бул боюнча студенттердин ой-пикирин айтуусун сунуштады.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

Студенттер Суреш Бабу, Равиндран Прави жогорудагы айтылган маалыматтарды ырастоо менен өздөрү даярдап келген материалдарды презентациялашты.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып жана студенттердин ой-пикир, сунуштарын эске алуу менен тайпанын кезектеги жыйыны төмөнкүдөй

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Иммунитетти кантип бекемдейбиз? Сасык тумоодон кантип сактануу керек? деген тема талкууланды деп эсептелсин жана даярдалган презентациялар канааттандырарлык деп белгиленсин.

Жыйындын төрайымы: Исаева М.А.
Катчы: Рамеш Свати

**Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медицина факультетинин**

**GM 3- 4 тайпасынын кураторлук жыйынынын №12 протоколу**

2025-жылдын 22-февралы

Төрайымы: Маматова А. Б.

Катчысы: Илияз

Катышкандар: - 30 (№2 тиркеме)

Келбегендер: - 4

Күн тартибинде: «Тайм–менеджмент. Убакытыңды туура бөлуштүргөндү үйрөн».
**Угулду:** 3-4 -тайпасынын куратору Маматова А. Б. сөзгө чыгып, өз сөзүндө убакытты туура бөлүштүрүү жөнүндө жасап келген материалы менен бөлүшүп, студенттерге презентация жасап берүү менен студенттердин ой-пикирин угууну өтүндү.

**Сөзгө чыкты:** 3-4 -тайпасынын студенттери Bhuvaneswerі жана Srinith өз сөздөрүндө убакытты алдын ала пландап, туура колдонсо окууга, ойноого, үй-бүлөгө көңүл буруууга да жетишсе болот экендигин айтуу менен эң негизгиси социалдык баракчаларды, интернет булактарын туура, мөөнөтү менен колдонуу керек экендигин басып өтүштү.
**Сөзгө чыкты:** 3-4 -тайпасынын куратору: Маматова А. Б. сөзгө чыгып, өз сөзүндө убакытты туура пайдаланууда төмөнкү пункттарга көңүл буруу зарыл экендигин айтып өттү:

1. Тайм–менеджмент түшүнүгү жана анын мааниси.
2. SMART методу жана күнүмдүк пландоо ыкмалары.
3. Студенттик жашоодо убакытты үнөмдүү пайдалануунун жолдорун билүү зарыл экендигин түшүндүрдү. Ошондой эле студенттерге күн сайын пландоо күндөлүгүн алып жүрүү сунуштады.
«Шашылыш» жана «маанилүү» иштерди айырмалоо боюнча кыска айтуу менен
Жума сайын тайм манеджмент боюнча өз алдынча анализ жүргүзүп туруу сунуштады.
**Угулду:** 3-4 -тайпасынын куратору: Маматова А. Б. сөзгө чыгып, өз сөзүндө «Конфликтин чечүүнүн жолдору» жөнүндө студенттердин ой-пикирин айтууну сунуштады.
**Сөзгө чыкты:** 3-4 -тайпасынын студенттери PAULRAJ Sam David, Nagarajan Niranjana, Shankar Anbarasan өз сөздөрүндө конфликттин алдын алуу үчүн адам сабырдуу болуусу керектигин, алгач эки тарап бирин бири толук угуу керектигин баса белгилешти. Ошондой эле конфликт болон жерде ынтымактуулукка чакыруу абзел экендигин айтып өтүштү.
**Сөзгө чыкты:** -3-4 -тайпасынын куратору : Маматова А. Б.сөзгө чыгып, өз сөзүндө адамдын жашоосунда ар кандай пикир келишпестиктер болуп турат. Бирок акыл-эстүү адам ар бир сөзүн таразалап, ар бир кадамын ойлонуп басканда, конфликтке жол бербейт. Талаштын тамыры көбүнчө сабырсыздыкта, ачуу сөздө жана туура эмес түшүнүктө жатат. Ошондуктан кандай гана кырдаал болбосун, адегенде эмоцияны эмес, акылды тандап, тынчтыкты биринчи орунга коюу зарыл.

Ким угуп билсе, ошол түшүнөт; ким түшүнсө, ошол туура сүйлөйт; ким туура сүйлөсө — ал чатакты болтурбайт. Кээде айтпай коюу — уруштан сактайт, бир мүнөткө унчукпай туруу — чоң чатактын алдын алат. Ачууну токтоткон адам — өзүн жеңген адам.

Жагымдуу сөз жүрөктү жумшартат, жумшак мамиле кырдаалды жеңилдетет. Түшүнүү менен мамиле кылынган жерде душмандык эмес, ынтымак жаралат. Ар бир адам күн

сайын “мен бүгүн кимдир бирөөгө бейпилдик тартуулай аламбы?” деп ойлонсо, коомдо бейкапарлык көбөйөт.

Тынчтыкты сактоо — бул алсыздык эмес, бул чоң маданият, терең түшүнүк жана бийик адамгерчилик. Ынтымак бар жерде береке болот, чатак бар жерде ырыскы качат. Андыктан ар бирибиз сөзүбүздү да, жүрүм-турумубузду да акыл менен тандап, тынчтыкты баалоого үйрөнүшүбүз керек деген сөздөр менен өз сөзүн жыйынтыктады.

Жогорудагы маселени карап чыгып тайпанын жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

1.Студенттерге бир жумага пландарды түзүп көрүү тапшырмасы берилсин;
Тайм-менеджмент боюнча пайдалуу колдонмолор жана видеолор тайпа чатына жиберилсин;
2. Талаша чыгып калганда эмоцияны башкаруу, маселени тыңдоо жана адептүү сүйлөшүү принциптери колдонулсун

Жыйындын төрайымы: :   Маматова А. Б.

Катчысы:  Илияз

Ош мамлекеттик университети
Эл аралык медицина факультети
Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасы
GM2=1,30-31-тайпасынын кураторлук жыйынынын
№ 13 протоколу
2025-жылдын 3-марты

Катышкандар: 11-12-24 тайпасынын студенттери (№1 тиркеме)
Төрайымы: Орунбаева Г.Ж.
Катчысы: Afak Alam
Келбегендер: - жок
Өткөрүүчү жер: 209

**Күн тартибинде:**

«Ар бирибиз айлана-чөйрөнү сактоого салым кошолу» деген темада кураторлук саат.

**Угулду**: Куратор айлана-чөйрөнү коргоонун мааниси тууралуу түшүндүрмө берди. Табиятты сактоо ар бир адамдын милдети экени белгиледи.Студенттерге күнүмдүк турмушта аткарылуучу экологиялык иш-аракеттер боюнча төмөнкүдөй мисалдарды келтирилди: сууну жана электр энергиясын үнөмдөө, таштандыларды урнага таштоо, жаратылышка аяр мамиле жасоо.

**Сөзгө чыкты:**

Студенттер өз өлкөлөрүндөгү экологиялык тажрыйбалары менен бөлүшүштү.Кызуу талкуу жүрүп , ар ким өзүнүн пикирлерин мисал менен далилдеп жатышты.

Учурда электр энергиясын үнөмдөө зарылдыгы, суу ресурстарына байланыштуу экендигин белгилешти.

Таштандылардын ден соолукка зыяндуу таасирлери жөнүндө кызыктуу видео фильм көрсөтүлдү.

Студенттер активдүү катышып, кызыктуу талкуу жүргүзүлдү.

**Чечими:**

Жогорудагы тайпанын жыйыны төмөнкүдөй чечим кылат:

1. Студенттердин экологиялык маданиятын жогорулатуу.
2. Айлана-чөйрөгө жоопкерчиликтүү мамиле кылууга үндөө.

Жыйындын төрайымы: Орунбаева Г.Ж.
Катчысы: Afak Alam

Ош мамлекеттик университети
Эл аралык медицина факультети
Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасы
GM1,11-12-тайпасынын кураторлук жыйынынын
№ 14 протоколу
2025-жылдын 10-марты

Катышкандар: 11,12-24 тайпасынын студенттери (№1 тиркеме)
Төрайымы: Орунбаева Г.Ж.
Катчысы: Selim Rahman
Келбегендер: - жок
Өткөрүүчү жер: 209

Күн тартибинде:
*8-март — Эл аралык аялдар майрамынын тарыхый мааниси жана майрамды белгилөө* деген темада кураторлук саат.

**Угулду:**
Куратор 8-март — Эл аралык аялдар майрамынын тарыхый маанисин жана аялзатына карата сый-урматтын бийик болушу зарылдыгын, коомдогу орду, үй-бүлөдөгү жана коомдогу эмгегин белгилеп,
“Эне” статусун ала турган кыздарга карата өзгөчө мамиле керектигин айтып өттү.

Сөзгө чыкты: Группанын студенттери кыздарга, аялзатына жана энелерге арналган ырларды, учкул сөздөрдү айтып, сабак майрамдык маанайда өттү. Студенттер аялзатына болгон сый-урмат, камкордук тууралуу өз ойлорун айтышты. Иш-чара майрамдык маанайда өтүп, куттуктоо сөздөрү айтылды.

Студенттер активдүү катышып, жакшы маанай түзүлдү.
**Чечими:**
Жогорудагы тайпанын жыйыны төмөнкүдөй чечим кылат:

1. Аялдарга болгон сый-урматты жана маданиятты калыптандыруу.

Жыйындын төрайымы: Орунбаева Г.Ж.
Катчысы: Afak Alam

**ЭАМФтин GM1-1-2 тайпаларында 2025-жылдын 18 март**

**Отулгон № 15кураторлук сааттын**

**ПРОТОКОЛУ**

Куратор: СГД кафедрасынын улук окутуучусу Адылбекова Бекзада

Катышуучулар: GM1- 1-2 тайпаларынын студенттери ( 32 студент)

Катышпады: 1 студент

Каралуучу маселелелер:

**Тема:** *Нооруз майрамы жөнүндө түшүнүк берүү*

1. Нооруз майрамынын тарыхы жана мааниси.
2. Нооруз — жаздын жана жаңылануунун символу.

**Угулду:**

Куратор Б. Адылбекова кураторлук саатты ачып, студенттерге Нооруз майрамынын тарыхы жана мааниси тууралуу кеңири маалымат берди. Ал өз сөзүндө Нооруз байыркы замандардан бери белгиленип келген элдик майрам экендигин, жаздын келиши, жаратылыштын ойгонушу жана жаңы жылдын башталышы катары кабыл алынарын белгиледи.

Нооруз майрамы элдердин достугун, ынтымагын жана биримдигин чыңдоочу майрам экендигин айтып өттү. Ошондой эле Нооруз — тынчтыктын, берекенин, жаңылануунун символу болуп эсептелери, бул күнү адамдар бири-бирине жакшы тилек айтып, араздашууларды унутуп, ынтымакта болууга умтулушары белгиленди.

**Экинчи маселе** боюнча куратор Б. Адылбекова Нооруз майрамын Кыргызстанда белгилөөнүн өзгөчөлүктөрүнө токтолду. Улуттук салттар, каада-салттар, элдик оюндар, сүмөлөк даярдоо, улуттук кийимдердин мааниси тууралуу түшүндүрмө берди. Студенттер да өз ойлору менен бөлүшүп, Нооруз майрамын өз өлкөлөрүндө кандай белгилешерин айтып беришти.

Нооруз майрамы — жаздын жана жаңылануунун символу экендиги баса белгиленип, табиятка аяр мамиле кылуу, адамдардын ортосундагы сый-урматты сактоо, маданий баалуулуктарды урматтоо тууралуу кыскача талкуу жүргүзүлдү.

**Куратордук сааттын жыйынтыгында төмөнкүдөй токтом кабыл алынды:**

1. Нооруз майрамынын тарыхы жана мааниси тууралуу берилген маалымат эске алынсын;
2. Студенттер улуттук каада-салттарды жана маданий баалуулуктарды урматтоого чакырылсын;
3. Нооруз майрамын белгилөөдө коомдук жайларда жүрүм-турум эрежелерин сактоо милдеттендирилсин;
4. Студенттер арасында достукту, ынтымакты жана өз ара сый-урматты чыңдоо сунушталсын.

**Куратор: Б. Адылбекова**

**ЭАМФтин GM2-1-2 тайпаларында 2025-жылдын 22-март**

**Отулгон №16 кураторлук сааттын**

**ПРОТОКОЛУ**

Куратор: СГД кафедрасынын улук окутуучусу Адылбекова Бекзада

Катышуучулар: GM1- 1-2 тайпаларынын студенттери ( 32 студент)

Катышпады: 1 студент

Каралуучу маселелелер:

**Тема : «Публиканын алдында сүйлөө коркунучун жоюу» (талкуу)**

1.Публиканын алдында сүйлөөдөн коркуунун себептери.

2. Коркунучту жеңүүнүн ыкмалары.

**Угулду:**

Куратор Б. Адылбекова кураторлук саатты ачып, студенттерге публиканын алдында сүйлөө көпчүлүк адамдар үчүн коркунуч жараткан көрүнүш экендигин белгиледи. Ал өз сөзүндө бул коркунуч табигый психологиялык абал экендигин, бирок аны жеңүүгө болорун түшүндүрдү.

Куратор Б. Адылбекова студенттерге публиканын алдында сүйлөө коркунучунун себептерине токтолду: өзүнө ишенбестик, жаңылышып калуудан коркуу, элдин сын-пикиринен чочулоо. Ошондой эле бул коркунучту жоюунун жолдору катары алдын ала даярдануу, өзүнө ишенүү, дем алуу көнүгүүлөрү, практика жана позитивдүү ой жүгүртүү тууралуу маалымат берди.

Талкуунун жүрүшүндө студент Mohammad Arkam өз тажрыйбасы менен бөлүшүп, кээ бирле студенттер эл алдында сүйлөөдө кандай кыйынчылыктарга туш болорун айтып беришти. Тайпанын бир студенти Syeda Roushan өзүнүн коркунучту жеңүү ыкмалары менен бөлүштү.

**Кураторлук сааттын жыйынтыгында төмөнкүдөй токтом кабыл алынды:**

1. Студенттерди публиканын алдында өз оюн эркин айтууга шыктандыруу;
2. Эл алдында сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн активдүү катышууга чакыруу;

3. Өзүнө ишенүүнү арттыруу боюнча сунуштарды күнүмдүк турмушта колдонуу милдеттендирилсин.

**Куратор : Б. Адылбекова**

**ЭАМФтин GM1-1-2 тайпаларында 2025-жылдын 28- март**

**Отулгон №17 кураторлук сааттын**

**ПРОТОКОЛУ**

Куратор: СГД кафедрасынын улук окутуучусу Адылбекова Бекзада

Катышуучулар: GM1- 1-2 тайпаларынын студенттери (32 студент)

Катышпады: 1 студент

Каралуучу маселелелер:

**ТЕМА 2: «Жаман адаттардан кантип арылуу керек»**

1. Жаман адаттардын адамдын ден соолугуна жана жашоосуна тийгизген таасири.
2. Жаман адаттардан арылуунун жолдору.

**Угулду:**

Куратор Б. Адылбекова студенттерге жаман адаттар адамдын ден соолугуна, психологиялык абалына жана окуу процессине терс таасир тийгизерин белгиледи. Ал өз сөзүндө жаман адаттарга убакытты туура эмес пайдалануу, тартипсиз жашоо образы жана жоопкерчиликсиз мамиле себеп болорун айтты.

Куратор Б. Адылбекова жаман адаттардан арылуунун негизги жолдору катары өзүн-өзү көзөмөлдөө, максат коюу, пайдалуу адаттарды калыптандыруу, спорт менен машыгуу жана туура күн тартибин сактоо тууралуу кеңештерди берди.

Талкуунун жүрүшүндө студенттер жаман адаттардын мисалдарын келтирип, алардан арылуу жолдору боюнча өз ойлору менен бөлүшүштү. Студенттердин суроолоруна куратор түшүндүрмө берип, ар кандай көйгөйлөр боюнча кураторго кайрылууга болорун эскертти.

**Кураторлук сааттын жыйынтыгында төмөнкүдөй токтом кабыл алынды:**

1. Студенттерди жаман адаттардан алыс болууга чакыруу;
2. Ден соолукка пайдалуу жашоо образын кармануу милдеттендирилсин;
3. Жакшы адаттарды калыптандыруу боюнча сунуштар эске алынсын.

**Куратор: Адылбекова Б.**

**Ош мамлекеттик университети**

**Эл аралык медицина факультети**

**Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасы**

**GM1, 3-4 -тайпасынын кураторлук жыйынынын**

**№18 протоколу**

**2025-жылдын 1-апрель**

Катышкандар: - GM1, 1-2

Төрайымы: **Адылбекова Б.**

Катчысы: тайпанын старостасы: Dipanshu Dongarwar

Катышкандар: 32 (тизме тиркелет)

Катышпаганы: - жок

Өткөрүүчү жер: ЭАМФ №3, 103 каана

**Күн тартибиндеги каралуучу маселер:**

**Тема: “Ош шаарындагы кооз жайлар менен тааныштыруу”.**

**Угулду**: куратор Адылбекова Б. студенттерди Ош — Кыргызстандын экинчи ири жана Орто Азиянын эң байыркы шаарларынын бири. Бул өлкөдөгү эски шаар (болжол менен 3000 жылдан ашуун), 1939-жылдан бери Ош облусунун административдик борбору болуп саналат. 2025-жылы шаардын этностук аралаш калкынын саны 375.400 адам болгон, кыргыз, өзбек, украин, орус, корей жана башка чакан этносторду камтыйт. Ош шаары Фергана өрөөнүн батышында, деңиз деңгээлинен 1000 метр бийикте жайгашкан. Сулайман тоо Ош шаарынын ортосунда орун алган “Сулайман-Тоо улуттук” музейи бар, тарый эстеликтер, музейлер, жана жаратылыш парктары, университеттер, китепканалар жана Ак-Буура дарыясы, табияттын кооздугуна суктануу, менен Ош шаары жөнүндө кеңири маалымат берди

**Сөзгө чыкты:** тайпанын старостасы өзүнүн Ош шаарына келип билим алып шаардын кооздугуна, абасынын тазасына, элинин мейман достугуна, баса белгилеп өттү жана да студенттер өздөрүнүн жылуу пикирлери боюнча ой бөлүштү, байыркы тарыхы бар шаар жөнүндө белгилүү илимпоздордун айткан сөздөрүн мисал келтиришти . ар бир студент өзүнүн пикирлерин ортого салып кызуу талкуу журуп, студенттер активдүү катышып, жыйынтыкташты.

Куратор студенттердин ынтымагына жана активдүүлүгүнө ыраазычылык билдирди

**Чечими**: **Жогорудагы тайпанын жыйыны төмөнкүдөй чечим кылат:**

Ош шаарындагы кооз жайлар менен жакындан таанышуу

Тайпа менен барып Сулайман-Тоого ишембилик өткөрүү сунушталды

**Жыйындын төрайымы:** Адылбекова Б.

**Катчысы:** Dipanshu Dongarwar

**Ош мамлекеттик университети**
**Эл аралык медицина факультети**
**Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасы**
**GM1, 1-2 -тайпасынын кураторлук жыйынынын**
**№ 19 протоколу**

**2025-жылдын 8-апрель**

Катышкандар: - GM1, 1-2
Төрайымы: Адылбекова Б.
Катчысы: тайпанын старостасы: Dipanshu Dongarwar
Катышкандар: 30 (тизме тиркелет)
Катышпаганы: - жок
Өткөрүүчү жер: ЭАМФ №3, 103 каана

**Күн тартибиндеги каралуучу маселер:**

**Тема: "Узак жашоонун сырлары".**

**Угулду:** куратор Адылбекова Б.студенттерге узак жашоонун сырлары боюнча кеңири токтолду эзелтен адам баласы, өмүрдү узартуунун аракеттерин көрүп, айрымдары өмүрүн узартуу үчүн ар кандай эрежелерди да аткарып келишкен. Заман улам жаңырып, кылым алмашкан сайын адамдар узак жашоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп жатышат. Мисалга алсак: Дүйнө жүзү боюнча эң узак жашаган адам Ли Цинъюнь аттуу кытай жараны болгон. Ал 1677-жылы төрөлүп, 1933-жылы 256 жашында жарык дүйнө менен кош айтышкан. Ли даарылык касиети бар чөп-чарларды жыйнап узак жашоонун сырын билүүгө жетишкен.

Узак жашоо үчүн газдалган суусундуктардын ордуна сүт, табигый таза суу жана мөмө-жемиштердин ширелерин ичүүнү, дайыма жөө жүрүү, 8 сааттан кем эмес уктоо - Ал эми уктоочу бөлмөнүн температурасы ар дайым 18 градус болушу керек.

Адам өмүрүн узартуучу азыктар кара шоколад бул картаюуну жайлатып, оорулардын алдын алууда полифенол деген заттын ролу чоң. Полифенол кара шоколад, кара өрүк, мисте, жүзүм, кара жана көк чайда, цитрус жемиштеринин курамында болот.

Түстүү капуста. Чачтын, тырмактын, теринин абалын жакшы сактап жана сулуулукту арттырууда биотин эң негизги ролду ойнойт. Биотин жетишсиз болгон учурда адам унутчаактык жана кан басымы менен ооруйт. Түстүү капуста, төө бурчак, буурчак жана жер жаңгактын курамында биотин заты арбын. Куратор узак жашоонун сырлары боюнча кеңири токтолду

**Сөзгө чыкты:** тайпанын студенттери өздөрүнүн бир канча жылуу пикирлери боюнча ой бөлүштү, мисал келтиришти . ар бир студент өзүнүн пикирлерин ортого салып кызуу талкуу жүрүп, студенттер активдүү катышып, жыйынтыкташты.

Куратор студенттердин активдүү катышкандыгы үчүн ыраазычылык билдирди
**Чечими**: Жогорудагы тайпанын жыйыны төмөнкүдөй чечим кылат:
Туура тамактанууга, спорт менен машыгууга
Күндүгө он миң кадам жөө басуу сунушталды

Жыйындын төрайымы: Адылбекова Б.

Катчысы: Dipanshu Dongarwar

Ош мамлекеттик университети

Эл аралык медицина факультети

Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасы

GM1-17-18-19-20-тайпасынын кураторлук жыйынынын №20 протоколу

2025-жылдын 15-апрель

Катышкандар: - 17-18-19- 20 (GM 1)

Төрайымы: Иманкулова Т.

Катчысы: Фарис

Келбегендер: - жок

Өткөрүүчү жер: 201

Күн тартибинде: «7 апрель Ден-Соолуктун буткул дуйнолук куну"

**Тема: "Ден-соолук- баа жеткис байлык"**

**Угулду**: Куратор студенттерге 7-апрель-Буткул дуйнолук ден -соолук кун экендигин белгиледи.Бул кун Бириккен улуттар Уюумунун Дуйнолук Саламаттыкты сактоо Уюму тарабынан 1948 жылы негизделгенин жана жыл сайын белгиленгенин айттып отту. Анын негизги максаты-адамзаттын ден-соолугуна конул буруу, оорулардын алдын алуу жана сергек жашоо образын жайылтуу. Ден-соолуктун маанисин,сергек жашоо , туура тамактануу, кыймыл -аракет, жеке гигиена.жакшы уктоо, психикалык ден-соолук деген эмне экендигин тушундурду. Студенттерди майрамы менен куттуктап, чын ден-соолук каалады.

**Созго чыкты:**

Студенттер дагы оздорунун ойлорун айтышып, ден – соолук жонундо белгилуу илимпоздордун айткан создорун мисал келтиришти . Кызуу талкуу журуп , ар ким озунун пикирлерин мисал менен далилдеп жатышты.

Негизи-жакшы маанайда болуу, стресстен алыс болуу, достор менен баарлашуу, хобии менен алектенуу да ден-соолугубуз учун маанилуу деп жыйынтыкташты.

Студенттер активдүү катышып, жакшы маанай түзүлдү. Студенттер майрамдык иш-чара абдан жагымдуу өткөнүн, биримдикти бекемдегенин жана чыгармачылыкка шыктантканын айтышты.

Куратор студенттердин ынтымагына жана активдүүлүгүнө ыраазычылык билдирип, студенттик жашоо—энергияга, шыктуулукка жана достукка толгон мезгил экенин белгиледи.

Чечими: Жогорудагы тайпанын жыйыны төмөнкүдөй чечим кылат:

Мындай кечелерди жыл сайын өткөрүү.

Ден- соолукка озгочо мамиле жасоо.

Сергек жашоо образын тузуу.

Жыйындын төрайымы: Иманкулова Т.

Катчысы: Фарис

**Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медицина факультетинин ИнЛ-13, 14-24–тайпаларынын кураторлук жыйынынын №-21**

**Протоколу**

2025-жылдын 12-майы
Төрайымы: Гаипова А. Н.
Катчысы: Гаипова А. Н.
Катышкандар: - 32
Өткөрүлүүчү жайы - ЭМФ 2, 205-каана

**Күн тартибинде:**

1. «Интернеттин жаштарга болгон пайдасы жана зыяны».

Угулду:

Кураторлук саатты тайпанын куратору А. Н. Гаипова ачып, интернет азыркы жаштардын жашоосунда маанилүү орун ээлээрин белгиледи. Ал интернеттин билим алууда, маалымат издөөдө, тил үйрөнүүдө, илимий изилдөөлөрдө жана дүйнө таанымды кеңейтүүдө чоң пайдасы бар экенин айтып өттү. Ошол эле учурда интернетти туура эмес пайдалануу жаштардын ден соолугуна, психологиялык абалына жана жүрүм-турумуна терс таасирин тийгизерин баса белгиледи. Куратор өз сөзүндө интернетке ашыкча көз карандылык, социалдык тармактар аркылуу жалган маалыматтардын жайылышы, кибербуллинг, интернет-алдамчылык, убакытты натыйжасыз өткөрүү сыяктуу көйгөйлөргө токтолду. Студенттерди интернетти максаттуу, коопсуз жана маданияттуу пайдаланууга чакырды.

Сөзгө чыкты:

ИнЛ-13-24–тайпасынын студенти Элварасан Sударшана, ИнЛ-14-24–тайпасынын студенти Менакши Приялар сөз сүйлөп, интернеттин окуу процессиндеги ролу, онлайн сабактар, электрондук китептер жана медициналык маалымат булактары тууралуу пикирлерин билдиришти. Ошондой эле социалдык тармактарды ченем менен колдонуу, жеке маалыматтарды коргоо жана убакытты туура бөлүштүрүү зарылдыгын белгилешти.

Талкуунун жүрүшүндө студенттер интернеттин пайдасы аны туура пайдаланганда гана жогору болорун, ал эми башаламан колдонуу терс кесепеттерге алып келерин белгилешти.

Жогорудагы маселелер боюнча тайпанын жыйыны төмөнкүдөй

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Студенттерге интернетти билим алуу жана өзүн-өзү өнүктүрүү максатында туура пайдалануу сунушталсын.
2. Интернет коопсуздугу, жеке маалыматтарды сактоо жана социалдык тармактарды ченемдүү колдонуу ар бир студенттин жеке жоопкерчилиги экендиги эскертилсин.

3. Куратор тарабынан бул тема боюнча түшүндүрүү иштери мындан ары да улантылсын.

Жыйындын төрайымы: А. Н. Гаипова
Катчы: Гаипова А. Н.

Катышкан студенттердин тизмеси:

**13-24 (gm 1)**

1. Ameen Neema
2. Kalaivanan Ramalingam
3. Karunakaran Suriyamoorthy
4. Madurai Vanan Amirtha Vahini
5. Manivannan Priyasakthi
6. Manoharan Meenakshi Priya
7. Nagarajan Thangalavanya
8. Namachivayam Subhashini
9. Navaneetha Krishnan Dhanyasri
10. Ramar Yuvadharshini 138750
11. Ravikumar Abishek
12. Sekar Dharshinii
13. Selvaraj Monish Mahasvin
14. Tamilarasan Subitsha Shree
15. Vengidachalam Alagumani Jothish
16. Viswanathan Hariharan

**14-24 (gm 1)**

1 Balraj Pushparaj
2 Baskaran Elavarasan Shruthilaya
3 Elavarasan Sudharsana
4 Jahier Hushan Mohamed Thoufiq
5 Jayaraman Johnthomas
6 Jerald Bangiras Joyce Valenteena
7 Karuppusamy Rajanarayanan
8 Mahilipatti Saravanan Praveen
9 Paul Bright Sweetlin Bright
10 Rajendran Kavinraj
11 Sakthivel Tamizhelakkiya
12 Santhanakumar Pattu Narchezhiyan
13 Shajahan Aneeshahamed
14 Subramanian Sharubala
15 Subramaniyan Dharsini
16 Vijayaraghavan Kavya Sri

**Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медицина факультетинин ИнЛ-13, 14-24–тайпаларынын кураторлук жыйынынын №22**

**Протоколу**

2025-жылдын 26-майы
Төрайымы: Гаипова А. Н.
Катчысы: Гаипова А. Н.
Катышкандар: - 32
Өткөрүлүүчү жайы - ЭМФ 2, 205-каана

**Күн тартибинде:**

2. «Вегетариан болуу пайдалуубу же зыянбы?».

Угулду:

Кураторлук саатты тайпанын куратору А. Н. Гаипова ачып, вегетариандык тамактануу бүгүнкү күндө актуалдуу тема экендигин белгиледи. Ал вегетариан болуунун оң жактарына — жүрөк-кан тамыр ооруларынын алдын алуу, зат алмашуунун жакшыртылышы жана өсүмдүк азыктарына бай рациондун пайдасына токтолду. Ошол эле учурда туура эмес пландалган вегетариандык тамактануу организмде белок, B12 витамини, темир жана кальций сыяктуу маанилүү азыктык заттардын жетишсиздигине алып келиши мүмкүн экендигин баса белгиледи. Айрыкча медициналык факультеттин студенттери үчүн туура жана тең салмактуу тамактануу өтө маанилүү экендиги айтылды.

Сөзгө чыкты:

ИнЛ-13-24–тайпасынын студенти Равикумар Абишек, ИнЛ-14-24–тайпасынын студенти Жойс Валентина вегетариандык тамактануунун пайдалуу жана зыяндуу жактары боюнча өз пикирлерин билдиришти. Алар туура уюштурулган рацион ден соолукка оң таасир берерин, бирок адистердин кеңеши зарыл экендигин белгилешти.

Талкуунун жүрүшүндө студенттер вегетариан болуу ар бир адамдын жеке тандоосу экендигин, бирок бул тандоо медициналык билимге жана организмдин индивидуалдык өзгөчөлүктөрүнө негизделиши керектигин белгилешти.

Жогорудагы маселелер боюнча тайпанын жыйыны төмөнкүдөй

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Студенттерге туура жана тең салмактуу тамактануунун маанилүүлүгү түшүндүрүлсүн.
2. Вегетариандык тамактанууну тандаган студенттерге адистердин кеңеши менен рацион түзүү сунушталсын.
3. Бул тема боюнча түшүндүрүү иштери куратор тарабынан мындан ары да улантылсын.

Жыйындын төрайымы: А. Н. Гаипова
Катчы: Гаипова А. Н.

Катышкан студенттердин тизмеси:

**13-25 (gm 1)**

17. Ameen Neema
18. Kalaivanan Ramalingam
19. Karunakaran Suriyamoorthy
20. Madurai Vanan Amirtha Vahini
21. Manivannan Priyasakthi
22. Manoharan Meenakshi Priya
23. Nagarajan Thangalavanya
24. Namachivayam Subhashini
25. Navaneetha Krishnan Dhanyasri
26. Ramar Yuvadharshini 138750
27. Ravikumar Abishek
28. Sekar Dharshinii
29. Selvaraj Monish Mahasvin
30. Tamilarasan Subitsha Shree
31. Vengidachalam Alagumani Jothish
32. Viswanathan Hariharan

**14-24 (gm 1)**

1 Balraj Pushparaj
2 Baskaran Elavarasan Shruthilaya
3 Elavarasan Sudharsana
4 Jahier Hushan Mohamed Thoufiq
5 Jayaraman Johnthomas
6 Jerald Bangiras Joyce Valenteena
7 Karuppusamy Rajanarayanan
8 Mahilipatti Saravanan Praveen
9 Paul Bright Sweetlin Bright
10 Rajendran Kavinraj
11 Sakthivel Tamizhelakkiya
12 Santhanakumar Pattu Narchezhiyan
13 Shajahan Aneeshahamed
14 Subramanian Sharubala
15 Subramaniyan Dharsini
16 Vijayaraghavan Kavya Sri

**Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медицина факультетинин**

**1-курсунун Инл-15-16-24 тайпаларынын жыйналышынын**

**№23-протоколу**

2025.06.06
Ош шаары
Төрайым – Б.Дуйшоева
Катчы – Муругесвари Акшаямати
Катышкандар: 32 студент

**Күн тартиби:**

1. Эл аралык балдар майрамына карата “Кичүүлөрдү ызаттоо, жаштардын тарбиясына менин салымым”.
2. Ар түрдүү маселелер.

1. **Угулду:**

Инл-15-16-24-тайпаларынын куратору Б.С.Дуйшоева сөзгө чыгып, өз сөзүндө аталган майрам жөнүндө кеңири маалымат берип, жаштардын тарбиясына токтолду. Тарбия - бул эң маанилүү экенин жана жакшы тарбияга ар бир чоң адамдардын салым кошуусу зарыл экендигин айтты.

**Сөзгө чыкты**:

Инл-15-24-тайпасынын студенти Манож Кумар жогоруда аталган тема боюнча доклад жасады жана тайпанын студенттери тема боюнча өз ойлорун айтып, тайпаларда кеңири талкуу жаралды.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып жана студенттердин ой-пикир, сунуштарын эске алуу менен тайпалардын кезектеги жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

1. Инл-16-24-тайпасынын студенти Манож Кумардын доклады эске алынсын.
2. Ар бир студент аталган тема боюнча макал-лакап, учкул сөздөрдү табуу жана ар дайым аларды, сылык сөздөрдү колдонуу жагы студенттерге милдеттендирилсин.

**Жыйындын төрайымы: Б.С.Дуйшоева**

**Катчысы: Муругесвари Акшаямати**